КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ТАБИЯТ ТААНУУ, ДЕНЕ ТАРБИЯ, ТУРИЗМ ЖАНА
АГРАРДЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ

## ЗООЛОГИЯ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА БИОИНЖЕНЕРИЯ КАФЕДРАСЫ

# КАФЕДРАНЫН ПАСПОРТУ

Ош - 2025-жыл

# МАЗМУНУ

**1. КАФЕДРАНЫН ТАРЫХЫ**

**2.КАФЕДРАНЫН ПРОФЕССОРДУК -ОКУТУУЧУЛАР КУРАМЫ**

**3.КАФЕДРАНЫН ИЛИМИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ**

**4.ОКУУ ЖАНА ӨНДҮРҮШТҮК ПРАКТИКАЛАР**

**5.КЕЛИШИМ ТҮЗГӨН ТАРАПТАР**

**6.КАФЕДРАНЫН БАЙЛАНЫШТАРЫ**

**7.ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ**

**8.GREENKG ПРОЕКТИСИ**

## КАФЕДРАНЫН ТАРЫХЫ

1951-жылдын 18-июлунда Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жана Кыргыз ССРнин Министрлер Советинин биргелешкен токтомунун негизинде Оштогу мугалимдер институтунун базасында Ош мамлекеттик педагогикалык институту түзүлүп, анда табият таануу жана филология факультеттери гана болгон. Табият таануу факультетинин курамын табият таануу жана физика-математика кафедралары түзгөн. Табият-таануу кафедрасында зоология секциясы түзүлүп, аны доцент Г.И.Светлицкий жетектеген. 1952-жылы зоология секциясы табият-таануу кафедрасынын курамынан бөлүнүп, өз алдынча зоология кафедрасы болуп түзүлүп, аны 1953-жылга чейин ага окутуучу М.С.Сатыбалдиев, 1954-1964-жылдары б.и.к., доцент К.В.Пискарев жетектеген. 1965-1978-жылдары кафедраны доцент И.И.Ибрагимов жетектеп, кафедрада 12 окутуучу, 5 лаборант эмгектенген. Бул мезгилде доцент Э.О.Коңурбаев СССРдин ИАнын зоология институтунда докторлук диссертациясын коргогон. 1979-1989-жылдары кафедраны б.и.к., доцент Н.Б.Байдөөлөтов жетектеген. Бул жылдары кафедрада доценттерден: Ч.Ж.Жумабаев, Э.О.Оморов, Н.Н.Ярошенко, Х.Х.Хаитов, Б.А.Токторалиев, ага окутуучулардан: Т.А.Айдашев, З.Ж.Шабирова, Т.М.Молдопиязова, Э.К.Айдаралиев, Б.К.Кулназаровдор эмгектенишкен. 1989-1990-жылдары зоология, ботаника жана БОУ кафедралары биригип биология жана БОУ кафедрасы болуп түзүлүп, аны доцент А.Т.Тажибаев жетектеген. 1990-жылы биология жана БОУ кафедрасынан зоология жана жалпы экология кафедрасы бөлүнүп, аны 1998-жылга чейин б.и.к., доцент Б.К.Кулназаров жетектеген. Бул жылдары кафедрада аспирантура бөлүмү ачылып, илимий кадрларды даярдоо жолго коюлган. Кафедранын илимий потенциалы өсүп, 5 окуу-усулдук китептер жана 250 гө жакын илимий макалалар жарык көргөн. Б.А.Токторалиев докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргоп (1997), КРнын УИАнын мүчө-корреспонденттигине шайланган. Т.М.Молдопиязова (1996), С.Т.Абжамилов (1996) жана А.А.Кенжебаевдер (1997) кандидаттык диссертацияларын коргошкон. Ак-Буура дарыясынын жээгинде «Табият-Юг» дендрологиялык паркы (1996) түзүлгөн. 1998-1999-жылдары кафедраны б.и.д., профессор Б.К.Каримова жетектеп, кафедра мүчөлөрүнүн чет өлкөлөрдөгү семинарлар, конференцияларга катышуулары жана стажировкалары улантылып, Эл аралык уюмдар менен болгон байланыш жолго коюлган. 1999-2007-жылдары кафедраны доцент Э.К.Айдаралиев жетектейт. Бул мезгилде Б.К.Кулназаров докторлук (2004), Б.А.Каримов (2001), Г.А.Садыкова (2001), А.М.Абдыкааров (2005) жана Р.Т.Муратова (2006) кандидаттык диссертацияларын коргошкон. 2007-2010-жылдары кафедраны б.и.к., доцент А.М.Абдыкааров жетектеген. Бул жылдары кафедранын бардык дисциплиналары боюнча окуу-усулдук колдонмолор толукталып, кайра иштелип чыккан. К.И.Алтыбаев (2007) кандидаттык диссертациясын коргогон. «Кыргызстандын биоартүрдүүлүгүн коргоонун актуалдуу проблемалары» темасында республикалык илимий-практикалык конференция (2009) өткөрүлгөн. 2010-2013-жылдары кафедраны б.и.д., профессор Б.К.Кулназаров жетектеген. Бул мезгилде Н.А.Көчкөнбаева (2010), У.А.Атабеков (2013), К.Абдисатаров (2013) жана Н.Р.Айбашева (2013) кандидаттык диссертацияларын коргошкон. Ошондой эле, Кыргызстандын түштүк аймагындагы коруктар, жаратылыш парктары менен байланыш түзүлүп, омурткалуу жаныбарлардын фаунасын изилдөөлөр улантылган. 2013-2014-жылдары кафедраны б.и.к., доцент А.М.Абдыкааров жетектеп, кафедрадагы ар тараптуу окуу-усулдук жана илимий иштер ийгиликтүү улантылган. 2014-2017 – жылдары кафедраны б.и.к., доцент С.Т.Абжамилов жетектеген. Бул жылдары К.Ы.Стамалиев (2014), Т.А.Эркебаев (2015) жана Т.Ормонкулов (2015) кандидаттык диссертацияларын коргошту. Кафедранын окумуштуулары тарабынан Туркестан, Алай, Фергана жана

Чаткал тоо кыркаларынын омурткалуу жаныбарларынын фаунасын изилдөө улантылып, натыйжада 100 дөн ашуун илимий макалалар жарык көрдү. Факультетте магистратура бөлүмү ачылып, кафедранын илимий темасына ылайык изилдөөлөр жүргүзүлүп магистрдик диссертациялар корголууда. Кафедранын базасында «Таксидермия» лабораториясы ачылган. Аны б.и.к., доцент К.И.Алтыбаев жетектеп, кафедранын зоологиялык окуу-музейи жаңы экспонаттар менен толукталууда. Өзгөчө жаңы түзүлгөн «Саркент» жаратылыш паркынын омурткалуу жаныбарларынын фаунасы толук изилденип, анын жыйынтыгы боюнча парктын фаунасы жөнүндөгү илимий-популярдык китеп басылып чыгарылды. 2018 – жылы кафедраны б.и.к., доцент Алтыбаев К.И. жетектеген. Ал эми ошол эле жылдын 1-октябрынан тартып кафедраны убактылуу б.и.к., доцент Стамалиев К.Ы. жетектеген. 2019-2020 – жылдары кафедраны б.и.к., доцент Муратова Р.Т. жетектеген. 2020-жылдан баштап “зоология жана экология” кафедрасын б.и.к., доцент Абдыкааров А.М. жетектеп келүүдө. Ушул жылы кафедрадан “ветеринария” адистиги өз алдынча бөлүнүп “айыл чарба” кафедрасы болуп түзүлөт. Бул жылдары кафедра Жунусалиева Э.Ж., Батаева А.Б., Ташбалтаева Ш.А., Эгембердиева А.С., Кубаныч уулу Ж. сыяктуу жаш окутуучулар менен толукталды.






**КАФЕДРАНЫН ПРОФЕССОРДУК -ОКУТУУЧУЛАР КУРАМЫ**

https://ttatf.oshsu.kg/pages/page/15732 ссылка аркылуу кирүү...

## КАФЕДРАНЫН ИЛИМИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

https://ttatf.oshsu.kg/pages/page/15733

**Международная научно-практическая конференция «ИННОВАЦИИ И ПАРТНЕРСТВО В УСТОЙЧИВОМ РАЗВИТИИ: БИОРАЗНООБРАЗИЕ, ЗЕЛЕНАЯ ЭКОНОМИКА И ЭКОЛОГИЯ» посвященная 65-летию доктора биологических наук, профессора БОЛОТА КАРАМЫРЗАЕВИЧА КУЛНАЗАРОВА**

Кафедра успешно провела Международную научно-практическую конференцию «ИННОВАЦИИ И ПАРТНЕРСТВО В УСТОЙЧИВОМ РАЗВИТИИ: БИОРАЗНООБРАЗИЕ, ЗЕЛЕНАЯ ЭКОНОМИКА И ЭКОЛОГИЯ» посвященную 65-летию доктора биологических наук, профессора БОЛОТА КАРАМЫРЗАЕВИЧА КУЛНАЗАРОВА В рамках мероприятия участники обсудили его вклад в науку, значимые исследования и влияние на развитие академической среды. Конференция стала платформой для обмена знаниями, идей и опыта, объединяя исследователей, преподавателей и студентов. Этот знаменательный юбилей подчеркнул важность научных традиций и вдохновил новое поколение ученых на дальнейшие открытия.




## ОКУУ ЖАНА ӨНДҮРҮШТҮК ПРАКТИКАЛАР

520200 Биология программасынын негизинде окутуунун натыйжаларына жетүүдө практикалардын орду чоң. Бул максатта практикаларды өтүүчү мекемелер - мамлекеттик жаратылыш парктары жана коруктар, мектептер, ишканалар ж.б. менен келишимдер түзүлгөн (келишимдер кафедраларда сакталат).

Практикалардын жоболору, ички тартиби, силлабустары иштелип чыгылган. Практикаларга өзгөчө көңүл бурулат. Билим берүү программасын ишке ашырууда студенттердин практикалык даярдыгын ашыруу үчүн окуу-талаа практикалары, өндүрүштүк практикалары кызмат кылат. Алар предметтен билим деңгээлин, ык-машыгууларын арттырат. Ал эми квалификациялык педагогикалык даярдыгын ашыруу үчүн практикалар уюштурулат. Буларга 2-курстагы адаптациялык практика, 3-курстагы

педагогикалык, 4-курстагы мамлекеттик практикалар кирет. Бул үчүн практикалардын бардык түрүнө 28 кредит бөлүнгөн жана алар үчүн жумушчу программалар, силлабустар, компетенттүүлүктүн критериялары иштелип чыккан, практикалардын жоболору бекитилген. Сабактан сырткары учурунда, же практикалардан кийин педагогикалык семинарларга, курстарга, дискуссияларга, жолугушууларга катышышат.

“Өсүмдүктөрдүн анатомиясы жана морфологиясы” жана “омурткасыздардын зоологиясы” предметтери боюнча 1-курстар, ал эми “өсүмдүктөрдүн систематикасы” жана “омурткалуулардын зоологиясы” предметтери боюнча 2-курстар үчүн окуу-талаа практикалары атайын түзүлгөн келишимдердин негизинде өзгөчө коргоого алынган жаратылыштык аймактарда уюштурулат.

## КЕЛИШИМ ТҮЗГӨН ТАРАПТАР

https://ttatf.oshsu.kg/pages/page/15828 ссылка

**Турция мамлекетинин Эгей университети менен кызматташуу**

ОшМУнун табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин зоология, экология жана биоинженерия кафедрасынын окумуштуулары 2024-жылдын 27-апрель күнү Турция мамлекетинин Эгей университетинин окумуштуулары (Prof. Dr. Esra ERSOY ÖMEROĞLU, Ege University, Faculty of Science, Biology Department, Basic and Industrial Microbiology Section. Merve Yaşartürk, Ege Üniversitesi Fen Fakültesi Biyoloji Bölümü, Alperen Ertaş Ege Üniversitesi Fen Fakültesi Biyoloji Bölümü) менен Кыргыз-Ата мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагында биокөптүрдүлүктүү сактоо максатында биргеликте иш алып баруу боюнча жолугушуу өткөрүлдү.



**Өзбекстан республикасынын илимдер академиясы менен кызматташуу**

ОшМУнун табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин зоология, экология жана биоинженерия кафедрасынын окумуштуулары 2024-жылдын 26-апрель күнү Өзбекстан республикасынын Өзбек илимдер академиясынын Ботаника институтунун кызматкерлери (б.и.д., проф. Алимжанова Холисхон, б.и. кандидаттары Шарипова Васила Куйсиновна, Нодира Рахимова, Сарибаева Шахноза Усановна) менен тажрыйба алмашуу максатында кафедрада жолугушуу өткөрүлдү



**Практика учурлары**


















**КАФЕДРАНЫН БАЙЛАНЫШТАРЫ**

Кафедранын окумуштуулар жамааты «Түштүк Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү, аларды коргоонун, реконструкциялоонун жана сарамжал пайдалануунун принциптерин жана усулдарын иштеп чыгуу» (Мамлекеттик каттоо № 0005849) темасында төмөндөгү багыттар боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп келүүдө:

*1. Түштүк Кыргызстандын сүт эмүүчүлөрү, аларды коргоо жана сарамжал пайдалануу проблемалары.* Бул багытта: «Түштүк Кыргызстандын сүт эмүүчүлөрү, аларды коргоо жана сарамжал пайдалануу проблемалары» (Б.К.Кулназаров, 2004) деген темада докторлук; «Түштүк Кыргызстандагы чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн фаунасы» (У.А.Атабеков, 2013), «Кулун-Ата мамлекеттик жаратылыш коругундагы сүт эмүүчүлөрдүн биоартүрдүүлүгүн коргоо» (К.Абдисатаров, 2013) темаларында кандидаттык диссертациялар корголгон жана доцент Э.К.Айдаралиев «Борбордук Тяньшандагы омурткалуу жаныбарлардын экологиясы» темасындагы илимий ишин жыйынтыктоо алдында турат.

2. *Түштүк Кыргызстандын герпето-батрахофаунасынын учурдагы абалы, аларды коргоо жана сарамжал пайдалануу проблемалары.* Бул багытта «Түштүк Кыргызстандын

гетерогендүү ландшафттарындагы амфибиялардын популяциялык өзгөчөлүктөрү» (С.Т.Абжамилов, 1996) деген темада кандидаттык диссертация корголгон.

3. *Түштүк Кыргызстандын түрдүү экосистемаларындагы омурткалуу жаныбарлардын биоартүрдүүлүгү жана аларды коргоону оптимизациялоо.* Бул багытта: «Ош шаарынын жана анын чеке белдеринин канаттуулары» (А.М.Абдыкааров, 2005), «Кыргыз-Ата мамлекеттик улуттук жаратылыш паркын жердеген омурткалуу жаныбарлардын экологиялык цитогенетикасы» (Н.А.Көчкөнбаева, 2010), «Түштүк Кыргызстандын урбанизацияланган экосистемаларынын таранчы сымал *(Passeriformes)* канаттуулары» (К.Ы.Стамалиев, 2014) темаларында кандидаттык диссертациялар корголгон жана А.Н.Досназарова «Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш паркынын омурткалуу жаныбарларынын экологиялык цитогенетикасы» темасында изилдөөлөрүн жүргүзүүдө.

4. *Түштүк Кыргызстандын кемирүүчү жаныбарларынын паразитофаунасы, алардын инфекциялык-инвазиялык жаратылыштык очокторундагы орду жана биокоопсуздукту камсыздоо проблемалары.* Бул багытта «Түштүк Кыргызстандын өзгөрүлгөн ландшафттарындагы майда сүт эмүүчүлөрдүн бүргөлөрү» (Г.А.Садыкова, 2001), «Чуманын Алай жаратылыштык очогунун кемирүүчүлөрү жана алардын эктомителери» (К.И.Алтыбаев, 2007) темаларында кандидаттык диссертациялар корголгон. П.А.Манасов «Түштүк Кыргызстандын аймагында кездешкен майда сүт эмүүчүлөрдүн гельминттери» темасында кандидаттык диссертациясын коргоо алдында турат. Аспирант К.К.Шекеев «Алай кырка тоосунун момолой чычкандарынын паразитоценозу», изденүүчү А.Т.Сарымсакова «Түштүк Кыргызстандагы майда кемирүүчүлөрдүн гамаздык кенелери» темасында кандидаттык диссертациялары боюнча иштеп жатышат.

5. *Түштүк Кыргызстандын энтомофаунасы, алардын биоэкологиясы жана токойлорду коргоо, калыбына келтирүү проблемалары.* Бул багытта «Кыргызстандын токойлорунун ксилофаг-каскактары» (Б.А.Токторалиев, 1993) темасында докторлук, «Түштүк Кыргызстандын арча токойлорунун ксилофаг-каскактары» (А.А.Кенжебаев, 1997), «Түштүк Кыргызстандын арча токойлорунун ксилофаг-каскактарынын биоэкологиялык өзгөчөлүктөрү» (Р.Т.Муратова, 2006), «Түштүк Кыргызстандын жаңгак-мөмө токойлорунун алтынчык-каскактарынын биоэкологиялык өзгөчөлүктөрү» (Н.Р.Айбашева, 2013) темасында кандидаттык диссертациялар корголгон.

Кафедрада жогорудагы багыттардан сырткары «Тамырсыз вольфия өсүмдүгүнүн түштүк Кыргызстандын шартында массалык түрдө маданиятташтыруунун усулдарын иштеп чыгуу жана пайдалануу перспективалары» (Б.А.Каримов, 2001), «Кыргызстандын орто тоо аймагында жашаган 7-12 жаштагы балдардын курак өзгөчөлүктөрү» (О.М.Юлдашева, 2002), «Бакма өрдөктөрдүн тамак сиңирүү жолундагы лимфоиддик ткандарынын морфологиясы» (Т.А.Эркебаев, 2015) темаларында кандидаттык диссертациялар корголгон.

Учурда кафедранын окумуштуулары түштүк Кыргызстандын өзгөчө коргоого алынган жаратылыш аймактарынын, өзгөрүлгөн жана урбанизацияланган ландшафттарынын фаунасынын учурдагы абалын изилдөө иштерин улантышууда. Алардын негизинде квалификациялык жумуштар, магистрдик жана кандидаттык диссертациялар аткарылууда. Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары макала, тезис, монография, илимий методикалык колдонмо жана илимий-популярдык эмгектер түрүндө жарык көрүүдө.

## ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ

https://ttatf.oshsu.kg/pages/page/16120

## ЛАБОРАТОРИЯЛЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА

| Техникалык каражаттар жана башка лабораториялар / базалар | Бул техникалык, иликтөөчүлүк лабораториянын алкагында киргизилген дисциплинанын аталыштары | Аудитория № |
|---|---|---|
| **Зоология, экология жана биоинженерия кафедрасы** | | |
| Мультимедиялык проектор, таблицалар, микроскоптор, ным препараттар; коллекциялар, доска | Омурткасыздардын зоологиясы, Паразитология | 306 |
| Таблицалар, ным препараттар, жаныбарлардын жана канаттуулардын кептери, жаныбарлардын скелеттеринин наборлору, компьютер, доска. | Омурткалуулардын зоологиясы, герпетология, кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү, эволюциялык окуу, экология. | 303 |
| Түстүү таблицалар, адамдын скелети, адамдын ички органдары боюнча ным препараттар, скелеттин наборлору, слайддар, мультимедиялык проектор, компьютер, доска | Кишинин анатомиясы, гистология эмбрилогиянын негиздери менен, антропология | 300 |
| Түстүү таблицалар, бакалар үчүн террариум, тонометр, ростомер, тараза, реактивдер, слайддар, мультимедиялык проектор, компьютер, динамометр, доска. | Кишинин жана жаныбарлардын физиологиясы, курак анатомиясы, физиология жана гигиена | 300 |
| Окуу-илимий борбор. Окуу жана илимий адабияттар, илимий эмгектkр, мультимедиялык проектор, компютер | Зоология, экология, жашыл эколномика, эволюциялык окуу, орнитология. | 305 |
| Акылдуу доска, көргөзмө куралдар | Лекциялык сабактар. | 304 |
| Мультимедиялык проектор,компютер плакаттар, доска. | Таксидермиялык лаборатория | 311 |












лизосома
ядерная пора
вакуоль
пиноцитический пузырек
митохондриальная крипта
митохондрия
ядро
ядрышко
цитоплазма





**GREENKG ПРОЕКТИСИ**

«Экология жана туруктуу өнүгүү» дисциплинасы Дисциплина бардык даярдоо багыттары үчүн актуалдуу, профилге карабастан. Болсо инженерия, экономика, медицина, педагогика, IT же гуманитардык илимдер — экологиялык сабаттуулук жана туруктуу өнүгүүнүн принциптерин түшүнүү кесиптик компетенттүүлүктүн ажырагыс бөлүгү болуп баратат. Глобалдык экологиялык чакырыктар шартында ар бир адис, иш тармагына карабастан, чечимдерди экологиялык таасирди эске алуу менен кабыл ала билиши, ресурстарды рационалдуу пайдаланууга салым кошушу жана туруктуу практикаларды колдоосу керек. Бул курс экологиялык ой жүгүртүүнү калыптандырат, жоопкерчиликти өнүктүрөт жана студенттерди туруктуулук — келечектин ачкычы болгон дүйнөдө иштөөгө даярдайт.

https://ttatf.oshsu.kg/pages/page/23187 ссылка

**СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШИ**





 